Каралды

Актилек ЖББО мектебинин

Педагогикалык кеңшинин

№ 1 протоколу

«28» 08 2022-жыл

Бекитемин

Актилек ЖББОмектебинин

директору ____ Суранчиев К.Т

«05» 09 2022-жыл

Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин окууда жетишпеген окуучулар менен иштөө ЖОБОСУ

**1.Жалпы жобо**

Окууда жетишпеген окуучу – бул окулуп жаткан сабактын материалына кандайдыр бир себептер менен түшүнбөгөн,жетишпеген бала

**1.1. Максаты:**

1. Окуучулардын билим алуусунун денгээлин көтөрүү;

**1.2.Милдети:**

- Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
- Ата-энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
- Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калуусунун алдын- алуу;
- Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

**1.3.Начар окуган окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери**

- Окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
- Начар окуган окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзүү; сабактан тышкаркы учурда иштөө,ата-энеси менен сүйлөшүү,сабак учурунда иштөө.
- Класстан тышкаркы иш чараларга тартуу;
- Коомдук иштерге катыштыруу ж.б;

**1.4. Начар окуган окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери**

Класс жетекчиклассындагы окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныкташы керек. Ал үчүн жекече аңгемелешип,мектептин администрациясына кайрылып,ата-энеси менен аңгемелешип ар кандай иш-аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл. Баланын сабактардан жетише албай,начар окугандыгынын себеби:

- Сабактан көп калтыруусу;
- Үйдөн тапшырмаларды аткарууда ата-эне тарабынан контролдун жоктугу;
- Жөндөмсүздүгү
- Окууга болгон каалосунун жоктугу;
- Тапшырманын көлөмүнүн өтө көптүгү;
- Мугалим тарабынан окуучуну баалоонун объективдүү эместиги;
- Окуу материалынын кыйындыгы;
- Ден- соолугунун начарлоосу;

**1.5. Начар окуган окуучу менен сабак учурунда иштөө**

**Сабактын этаптары:**

1.Өтүлгөн материалды кайталоо учурунда окуучуга сабакта диффиренцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу,туура жооп берген учурда аны мактоо;

2. Жаны теманы түшүнүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар,тажырыйбалар аркылуу түшүндүрүү;

3.Бышыктоо учурунда берилүүчүтапшырманы жөнөкөйлөтүп берүү;

4. Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды дайындап келип,окуучунун денээлине жараша тапшырманы берүү;

5. Окуучунун билимин объективдүү баалоо;

6.Окуучуга индивидуалдык тапшырма берүү;

**1.6. Начар окуган окуучу менен иштөө**

1. Окуучунун аты жөнү:______________________________

2. Класс:______________________________________

3. Кайсы предметтен жетише албайт:_______________________________

4.Окуучунун тартиби:______________________________________________

5.Окуучунун начар окуусунун себеби:_______________________________________________________

6. Окуучу менен жекече кандай иштер аткарылды:____________________________________________________

Иштин жыйынтыгы:____________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________